| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ<br>АРСТАНБАП-АТА АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АРСТАНБАП-АТИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезектеги XIV сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**№2**

18-август 2026-жыл Ооган-Талаа айылы

**Арстанбап-Ата айыл аймагында Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча “Арстанбап-Ата” департаментин түзүү жөнүндө**

Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн сунушун угуп жана талкуулап, Арстанбап-Ата айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Арстанбап-Ата айыл аймагында муниципалдык менчик объекттерин башкарууну жакшыртуу, алардын ишин координациялоо жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча **“Арстанбап-Ата” департаменти** түзүлсүн.

Департаменттин фирмалык аталышы:

кыргыз тилинде: «Муниципалдык менчикти башкаруу боюнча Департаменти» Мекеме

расмий тилинде: Учреждение «Департамент по управлению муниципальной собственностью»

Департаменттин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад областы, Базар-Коргон району, Арстанбап-Ата айыл аймагы,Ооган-Талаа айылы.

2. **“Арстанбап-Ата”** департаменттин жобосу тиркемеге ылайык бекитилсин.

3.Токтомдун аткарылышы Арстанбап-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Арстанбап-Ата айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясы комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Ж.Абдухалилов

Тиркеме

«Арстанбап-Ата” департаментинин жобосу 5 баракта.